КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 9-июлу, №228 Кара-Коо айылы

**Мамлекеттик лизинг компаниясынын айыл чарба жана атайын техникаларды алууга макулдук берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 8-июлундагы №01-7-2263 катынын негизинде, Мамлекеттик лизинг компаниясынын айыл чарба жана атайын техникаларды алуу боюнча, Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Эмилбековдун билдирүүсүн угуп жана Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын чечимин угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл өкмөтү боюнча Мамлекеттик лизинг компаниясынын айыл чарба жана атайын техникаларды алууга макулдук берилсин. Ак-Терек айыл өкмөтүнө лизинг механизм аркылуу атайын техника (спец.техника) сатып алынсын.

2. Ак-Терек айыл өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык лизинг механизми аркылуу атайын техникаларды сатып алуу боюнча тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү, лизинг берүүчү уюмдар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана керектүү документтерди даярдоо милдеттендирилсин.

3. Лизинг аркылуу сатып алынуучу атайын техникалардын түрү, саны жана техникалык мүнөздөмөлөрү айыл өкмөтүнүн муктаждыгына жараша аныкталсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

5. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Т. Ормуковага тапшырылсын.

Төрага А.А. Мамбетов